БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ
АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ
AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**

Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин кызматкерлеринин Жамааттык жыйыны

Протокол № 67-1, 05.09.2024-ж.

**«БЕКИТИЛДИ»**

Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин директору

_______________ Б. И. Исмаилов

Буйрук №2/0101, 05.09.2024-ж.

# Билим берүү уюмдарын / программаларын аккредитациядан кийинки мониторинг жүргүзүү тартиби жөнүндө жобо

## I. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо билим берүү уюмунун ББПУАА эксперттик комиссиясынын (ЭК) сунуштарын аткаруусун баалоо максатында аккредитациядан кийинки мониторинг өткөрүү тартибин жөнгө салат.

1.2. Жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 токтому менен бекитилген билим берүү тармагындагы аккредитациянын талаптары жана критерийлерине ылайык иштелип чыккан.

1.3. Аккредитациядан кийинки мониторинг (мындан ары — мониторинг) билим берүү уюму / программасы аккредитациядан өткөндөн кийин жүргүзүлөт.

## II. Мониторингдин максаты жана милдеттери

2.1. Мониторингдин максаты — билим берүү уюму / программасы ЭК сунуштарын канчалык деңгээлде аткарганын баалоо жана мындан аркы аракеттер тууралуу чечим кабыл алуу.

2.2. Мониторингдин милдеттери:

- Билим берүү уюму / программасы берген отчеттун негизинде жана (зарыл болсо) ЭКнин сапарынан кийин сунуштардын аткарылышын талдоо жана баалоо;
- Мындан аркы аракеттер боюнча чечим кабыл алуу.

## III. Мониторинг жүргүзүү тартиби

3.1. Мониторинг ББПУАА тарабынан алдын ала кабарлануу менен бекитилген план боюнча жүргүзүлөт.

Билим берүү уюму / программасы 1 (бир), 3 (үч) же 5 (беш) жылдык аккредитациядан өткөн учурда мониторинг төмөнкүдөй мөөнөттөрдө жүргүзүлөт:

| **Аккредитациялык мезгилдин мөөнөтү** | **1 жыл** | **3 жыл** | **5 жыл** |
|---|---|---|---|
| ЭК сунуштары боюнча отчет берүү мөөнөтү | *1 жылдан кийин* | *2 жылдан кийин* | *2 жылдан кийин* |

Эгерде эл аралык аккредитация учурунда ЭК сунуштары аткарылбаса, ББПУАА аккредитациялык кеңештин жыйынына токтотуу же мөөнөтүн кыскартуу маселесин чыгарат.

**3.3. Мониторингдин негизги этаптары:**

**Даярдык этабы:**

- Билим берүү уюму / программасы ЭК сунуштары боюнча отчет берет;
- Отчет ББПУАА кызматкери (эксперти) тарабынан изилденип, мониторингдин датасы жана узактыгы макулдашылат;
- ББПУАА ЭКнин сапары 2 (эки) күндөн ашпоосу керек;
- Зарыл болсо, мониторинг жүргүзүү үчүн комиссия түзүү жөнүндө буйрук чыгарылат.

**Негизги этап:**

- Зарыл болсо, ББПУАА ЭК билим берүү уюмуна барып мониторинг жүргүзөт;
- Визиттен кийин 7 күн ичинде ЭК уюм / программа боюнча отчет тапшырат.

**Жыйынтыктоочу этап:**
Аккредитациялык кеңеш (АК) төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

- ЭК сунуштары аткарылбаса, аккредитацияны 3–6 айга токтотуу;
- ЭК сунуштары кайталап аткарылбаса, аккредитация мөөнөтүн кыскартуу;
- Аккредитацияны кайтарып алуу;
- Аккредитацияны улантуу.

3.4. Эгер аккредитация токтотулса же кыскартылса, билим берүү уюму / программа көрсөтүлгөн мөөнөттө кемчиликтерди жоюп, ББПУААго отчет жөнөтүүгө тийиш.

ББПУАА отчетту алып, кайра баруу үчүн комиссия түзүп, отчетту Аккредитациялык кеңештин кароосуна берет.

Эгер аккредитация кайтарылып алынса, билим берүү уюму / программа 1 (бир) жыл ичинде ББПУААго кайрадан аккредитация үчүн кайрыла албайт.

АКнин чечими жана ЭК отчету билим берүү уюмуна / программасына 7 иш күнү ичинде билдирилет.

Билим берүү уюму, Апелляция жана даттануулларды кароо комиссиясы жөнүндө Жобого ылайык, АК чечимине апелляция бере алат.

**IV. Жыйынтык**

Бул Жобого өзгөртүүлөр аккредитациядан кийинки мониторинг тажрыйбасынын негизинде, мыйзамдардагы өзгөрүүлөргө жараша же ББПУАА жана кызыкдар тараптардын демилгеси менен киргизилиши мүмкүн.

Жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет жана өзгөртүлгөнгө же жокко чыгарылганга чейин күчүндө болот.

Бул Жобонун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Агентиктин жетекчилигине жүктөлөт.